# Окшош же башкабы?



Автор: Рупа Пай

Сүрөтчү: Рохит Келкар

Которгон жана адаптациялаган: Анаркул Аманбаев

# Окшош же башкабы?

Автор: Рупа Пай
Сүрөтчү: Рохит Келкар
Которгон жана адаптациялаган: Анаркул Аманбаев
Сүрөт адаптациясы: Айгерим Бегимбаева

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Окшош же башкабы?" (кыргыз тилинде), Анаркул Аманбаев тарабынан которулуп адаптацияланган, сүрөттөрдү адаптациялаган Айгерим Бегимбаева. Same-same or Different? (англисче) чыгарманын негизинде, автору Roopa Pai, сүрөтчүсү Rohit Kelkar, Pratham Books © 2017 CC-BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/10963-same-same-or-different

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Кичинекей таранчы сумкасын алып мектепке жөнөдү. Анын эң мыкты досу жылан болчу. Бирок таранчынын апасы алардын достугуна каршы чыкты.

«Жыланга жолобо, ал – башка, жыландар менен таранчылар эч качан дос боло алышпайт», – деген сөзүн апасы күндө кайталайт.

Кичинекей таранчы жылан жөнүндө жаман сөз укса, капаланат.





Ошол мезгилде жылан да баласын мектепке узатып жатты.

– Мен жумуртка жебейм, – деди чымчыктын жумурткасын көргөн кичинекей жылан.


– Биз аларды ар дайым жейбиз, – деп ачууланды атасы. – Азыр мектебиңе бар. Эсиңден чыгарба, таранчыдан алыс бол. Сен аны менен дос боло албайсың.






Кичинекей таранчы менен жылан мектептен жолугушканда, ата-энелеринин айтканы дароо эстерине келет.

– Билесиңби, ата-энелерибиз туура эмес ойдо, – деди жылан. – Биздин окшоштугубуз айырмабызга караганда көбүрөөк экенин көрсөтөлүчү.



– Сонун сунуш! Мен макулмун, – деди таранчы.

Ал китеп кабынан барак алып эки тегерекче тартты. Сүрөттө үч бөлүкчө пайда болду.




– Оң жана сол жагына биздин айырмабызды, ортосуна окшоштугубузду жазалы, – деди таранчы.


– Биздин дене түзүлүшүбүз кандай? – суроо салышты бири-бирине.

– Башкача, мен узун жана арыкмын. Сен кичине жана жүндүүсүң, – деди жылан.

– Туура айтасың, мен жумшакмын, сен өрүлгөн жип сыяктуу катуусуң.

Таранчы тегеректенин сол жагына жумшак ак буланын, оң жагына жиптин сүрөтүн тартты.





Эми таранчы менен жылан кыймылдарын салыштыра башташты.

– Ар түрдүүбүз. Сен асманда учуп жүрөсүң. Мен жерде сойлойм. Самолёт жана поезд сыяктуубуз, – деди жыландын көңүлү чөгүп.




Тамактануу өзгөчөлүгүнө токтолгондо, жыландын көзүнө жаш толду. – Окшоштугубуз такыр жок, – деди ал.

– Бирок мен чымчыктын жумурткасын жебейм.



Таранчы тегеректченин сол жагына дан өсүмдүгүнүн, оң жагына баканын жана чычкандын сүрөтүн тартты.



Окшоштуктун белгисин таппаган экөөнүн тең айласы кетти. Алар эки жакты карап, тунжурап ойго батышты.

Ошол учурда салабаттуу басып мектеп директору пил келди.

– Эмнеге ойлонуп жатасыңар? – деп суроо салды.

Жылан токтоно албай ыйлап жиберди:

– Бизди дос боло албайсыңар, себеби ар түрдүүсүңөр деп ата-энебиз айтып жатышат.

– Биз окшоштугубузду таппай жатабыз.



Жылан менен таранчынын аракети пилди кубандырды. Тегерекчеге тигилген пил өз оюн ортого салды.

– Сага өзгөчө эмне жагат? – деп жыландан сурады.

– Таранчы менен ойногон жагат.

– А сагачы, таранчы?

– Жылан менен ойногон.

Пил тегеректин ортосуна бир белги койду.





– Силерди эмне кубандырат? – деп  сурады пил.

– Сабакты бирге окуган жагат, – дешти жылан менен таранчы кубанып.

Пил тегерекченин ортосуна дагы бир белги койду.

– Силерди эмне капаландырат?

– Ата-энебиз биздин достошуубузга каршы.

– Силерди капаландырган суроо да окшош экен. Анда тегеректин ортосуна дагы бир белги коёбуз, – деп пил башын чайкады.



– Айткылачы, силерге эң жакын дос ким? – пил сөзүн улады.

– Окшоштугу жок болсо да, ынтымакта болгондор жагат, – таранчы менен жылан жарыша жооп беришти.

– Карагылачы, силерде төрт окшоштук болсо, айырмаңар үчөө гана экен. Бул силердин ийгилигиңер, – пил эки досту куттуктады.



Окшош болушпаса да, достугу бекем болгон жылан менен таранчы кубанып турушту.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Рупа Пай
Сүрөтчү: Рохит Келкар
Которгон жана адаптациялаган:
Анаркул Аманбаев
Сүрөт адаптациясы:
Айгерим Бегимбаева

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс: 1.1 деңгээли, 1.2 деңгээли, 1.3 деңгээли

2-класс: 2.1 деңгээли, 2.2 деңгээли

3-класс: 3.1 деңгээли, 3.2 деңгээли

4-класс: **4.1 деңгээли**, 4.2 деңгээли